Өмүр бердиң бул жашоого өзүмө.
Жарык күндөй нуруң чачып төгүлө.
Алаканга салып мени өстүрдүң.
Өмүр бою карыздармын өзүңө.

Мен канткенде ак-сүтүңдү актаймын?
Жүрөк сыздайт көрүп ак- тал чачтарың.
Мен өзүмдү күнөөлүүдөй сеземин...
Көрүп жүзүң чексиз бырыш басканын.

Энекебай колдон келсе кайтарып.
Жаштыгымды берээр элем өзүңө.
Мен деп далай уйку көрбөй тунарган.
Карегимди берээр элем көзүңө.